
# Түш



Автор: Жыргал Сокурова

Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

# Түш

Автор: Жыргал Сокурова
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Түш" (кыргыз тилинде), автор Жыргал Сокурова, сүрөтчү Айжамал Молдогазиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Асылбек менен Жазгүл экөө бир класста окуйт. Алар кошуналар. Сабакка чогуу барып, чогуу келишет.

Мектептин жолунда чоң дүкөн бар. Дүкөндүн алдында дайыма бир байке арабада ар түрдүү саймаланган кийиздерди, үй буюмдарын сатып отурганын көрүшөт.

Айрыкча буга Жазгүл абдан кызыгат. Саймалары апасыныкындай кызыл-тазыл болуп көз жоосун алат.

Бүгүн дагы буюмдарды кармалап, кызыгып карап жатышып, арабадагы байке менен таанышып калышты. Ал кишинин аты Тилек байке экен.



– Оо, кичинекей досторум, кандайсыңар? Жакшы окуп жатасыңарбы? Менин буюмдарым силерге жактыбы?

Асылбек менен Жазгүл Тилек байке менен көпкө сүйлөшүп турушту. Байке дайыма балдар менен жаркылдап учурашат. Деги эле ары-бери өткөн балдар, улуулар да байке менен саламдашып, бир аз маектешмейин кетишпейт.

Бир карасаң, териден чайнектин алдына койгон түпкүч жасап, бир карасаң камчы өрүп отурат. Кээде үйгө кие турган жылуу бут кийимдерди тигип жаткан болот. Ар бирине оюуларды түшүрүп, түркүн саймалар менен кооздойт. Катуу оорунун кесепетинен улам баса албай калганын айтып калышат. Өзү бул жөнүндө айтканды жактыра бербейт. Ар качан көңүлү ачык, шайыр мүнөзүнөн жазбоого аракет кылат.

Эмнегедир бүгүн Тилек байкенин маанайы жок. Балдарга да көңүл бурбады. Кабагы салыңкы болуп, Жазгүл менен Асылбектин саламына баш ийкеп гана койду.

– Тилек байкеге эмне болгон? Маанайы жок го, – деди Жазгүл кабатырлана.

– Ооба, такыр көңүлсүз экен, – деп Асылбек мурчуңдап койду. Анын үнүнөн байкеге таарынып калганы байкалып турду.

Эки-үч күндөн кийин байке дүкөндүн жанына таптакыр чыкпай калды. Балдар күн сайын сабактан келе жатып дүкөндүн алдынан Тилек байкени жоктоп калышчу болду.

– Кел, Жазгүл, Тилек байке кайда кеткенин сурайбыз, – деп Асылбек сунуш киргизди.

– Сураса сурайлы, таттуу токоч саткан Дарика эже билет болуш керек. Ал Тилек байке менен сүйлөшүп калчу эле, – деди Жазгүл.





Экөө чакан дүкөндүн алдына келишип, Дарика эжеден Тилек байкенин дайынын сурашты.

– Ал байке ооруп доктурга жатып калды. Дүкөндүн ээси ага бул жерде туруп соода кылганга тыюу салып койгон. Мен апасына анча-мынча азык-түлүк алып барып бердим. Апасынын да ден соолугу анча жакшы эмес экен.

– Жаман болгон турбайбы, эми кантишет?

Жазгүл кабатырланды.

– Бир нерсе кылбайлыбы? Жардам бериш керек го! – деп Асылбек ойлонуп калды.

– Ий, окшошкон жөжөлөр! Силер кантип жардам бермек элеңер? Байкеңерге телефон чалып эле кабарлашып, ден соолугун сурап тургула. Ошол деле чоң жардам! – Дарика эже балдарга ыраазы боло сүйлөдү.

Асылбек менен Жазгүл үйлөрүнө кандай жеткендерин да байкабай калышты. Экөөнүн тең оюнан Тилек байке чыкпай койду.



Эртеси күнү классташтарына айтышты эле, алар да бул маселени кантип чечүү керектигин далайга талкуулашты. Акыры Тилек байкени доктурга барып көрүп келмекчи болушту. Мугалим эжекеси да чогуу бармай болду.

Балдардын бирөөсү китеп, бири жер-жемиш, дагы бири таттуу алып, палатага кирип барышты.

Тилек байке кубанганын жашыра албай, көзүнөн жаш тегеренип, балдарга абдан ыраазы болду. Улам бири ден соолугун сурап, кызыктуу окуяларды айтып, бир топко отурушту.


– Ыракмат, балдар! Мени дароо айыктырып койдуңар. Кичине суук тийип калган экен. Чыгам эми, буюрса. Анан бат-баттан көрүшүп турабыз.

Балдар ыраазы болуу менен тараштты. Бирок Асылбекти бир маселе ойлондуруп жатты. Эми Тилек байке буюмдарын кантип сатат? Суукта кайра эле ооруп калат да...

– Байкенин буюмдары эми сатылбай калабы? Дүкөндүн ээси орун бербей жаткан турбайбы, – Жазгүл Асылбектин оюн окуп жаткандай сүйлөп жиберди.

– Мен да ошону ойлонуп жатам. Апасы да ооруп жатыптыр. Кыш да келип калды...

Ошентип алар ойлонгон бойдон үйлөрүнө тараштты.





– Асылбек! Асылбек! Мен таптым! – телефондон Жазгүлдүн кубанычтуу үнү жаңырды.

Сабактарын даярдап отурган Асылбек чочуп кетти:

– Эмнени таптың?


– Мага абдан сонун бир идея келди. Байкенин буюмдарын интернет аркылуу сатсак кандай болот? Азыр баары эле ушинтип жатпайбы. Интернет менен көп жумушту бүтүрсө болот эмеспи. Тилек байкеге да орундун кереги жок болуп калат. Сыртта да үшүп отурбайт.

Ушул ойду кантип ишке ашыруу керек экенин Жазгүлдүн эжеси түшүндүрүп бергенин, ал тургай жардамын да аябасын билдирди.

Бул ой Асылбекке аябай жакты. Башында эле ушундай ойлонушса болмок экен.

Асылбек муну Тилек байкеге тезирээк айткысы келди. Бул идеяны айтса, байке аябай сүйүнөт болуш керек. Тез да сакайып кетет. Батыраак эле эртең болсо экен...

Ал түйшөлүп жатып уктап кетти. Асылбек түш көрдү. Түшүндө Тилек байкенин кооз буюмдары интернет булактарына тарап, элдер талашып алып жаткан экен. Буйрутмалардын абдан көптүгүнө жетишпей, Тилек байке арабасынан тура калып, ары-бери чуркап, даректерге буюмдарды жеткирип жүрүптүр...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Жыргал Сокурова
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


| Класс | Деңгээл |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |